## document2

**От:** Байыш <b[redacted]0@gmail.com>
**Отправлено:** понедельник, 25 ноября 2024 г. 16:30
**Кому:** document2@shailoo.gov.kg
**Тема:** Re: Шайллоодогу мыйзам бузуулар жонундо арыз

Борбордук шайлоо комиссиясына
Нарын областынын Нарын районунун Мин
булак айыл өкмөтүнө караштуу Лакол айылынын
тургуну Болот уулу Байыштан.

Арыз:

Менин сиздерге арыз жазуумдун себеби:
2024-жылдын 17-ноябрында өткөн Нарын району боюнча №4054 жана 4055 шайлоо округтарындагы Жергиликтүү Кеңештин депутаттарын шайлоо процессинде талапкерлерди шайланды деп тандоо иштеринде 2(эки) талапкердин добуштары тең болгондугуна байланыштуу тиешелүү документтерди биринчи тапшырган жана биринчи болуп катталчу кандидатка мандатты бербей, туура эмес чечим чыгарып жатышат.

Мунун себеби АШК талапкерлердин кандидатурасын коюуга тапшырылган документтерди өз убагында текшерип, өз убагында каттоо жүргүзгөн эмес.Бул жерде КР шайлоо мыйзамынын 60-беренесинин 2чи жана 3чү пункттары одоно бузулуп жатат. Ошол себептен бардык кандидаттар бир күндө каттоодон өткөн болуп саналып калган.

Ошол себептен 20.11.2024-жылы Нарын райондук АШКсында чучукулак кармоо менен кандидаттарды аныктап коюшкан. Өз документтерин биринчи тапшырган кандидат чучу кулак кармоодон баш тартып өз арызын жазып берген,жана бул процедурага каршы экендигин билдирген. Ошого карабастан бир тараптуу эле жреби өткөзүп жеңишти берип койушкан.

Мен өтүнүчүм: АШКнын жумуш жоопкерчилигин кайра текшерип, азыркы чыгарып жаткан чечимин жокко чыгарып берүүңүздөрдү сурайм.